**2025-жылдын 6- айдын жыйынтыгы боюнча амбулатордук деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу жөнүндө маалымат**

2025-жылдын январь - июнь мезгилинде ҮМБ/ҮДТдун дарыгерлери тарабынан **900,6 миң жеңилдетилген рецепт**, анын ичинде Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча 123,3 миң рецепт (14%) камсыздандырылган жарандарга 777,3 миң рецепт (86%), жазылып берилген. Мында сатылган дары-дармек каражаттары үчүн бюджеттик каражаттардан жана ММК каражаттарынан компенсациянын өлчөмү **244,9 млн сомду**, анын ичинде МКП боюнча 36,1 млн сомду (15%), КП ММК боюнча 208,8 млн сомду (85%) түздү.

Региондор боюнча жеңилдетилген рецепттердин саны: Ош облусу боюнча 238,1 миң (26%), Жалал-Абад облусу боюнча 163,7 миң рецепт (18%), Бишкек шаары -159,0 миң рецепт(18% ), Баткен облусу -100,2 миң рецепт (11%), Чүй облусу-84,4 миң рецепт (9%), Ысык-Көл облусу -78,2 миң рецепт (9%), Нарын облусу - 45,6 миң рецепт (5%) жана Талас облусу- 31,4 миң рецепт (3%).

Мамлекеттик кепилдиктер программасы менен аныкталган оорулуулардын жеңилдетилген категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны ГБ менен ооругандарга Бисопрололго 75,4 миң рецепт жазылган, бул МКПнын бардык рецепттеринин 61% түзгөн, эпилепсия менен ооругандарга 17,2 миң рецепт (14%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 12,1 миң (10%), психикалык бузулуулары барларга 12,8 миң (10%) жана онкологиялык оорулууларга 5,8 миң рецепт (5%) жазылган.

Республиканын региондору боюнча 2 программа боюнча компенсациянын өлчөмү Жалал-Абад облусу боюнча 56,2 млн. сомду (23%), Ош облусу боюнча 60,0 млн. сомду (25%), Бишкек шаары боюнча 46,4 млн. сомду (19%), Чүй облусу боюнча 25,4 млн. сомду (10%), Баткен облусу боюнча 18,1 млн. сомду (7%), Ысык-Көл облусу боюнча 18,1 млн. сомду (7%), Нарын облусу 13.1 млн. сомду (5%), Талас облусу 7.6 млн. сомду (3%) түздү.

Жеңилдетилген категориядагы оорулуулардын МКП боюнча компенсациянын өлчөмү ГБ оорулууларга Бисопрололду сатуу 17,7 млн. сом, бул МКП боюнча ордун толтуруунун бардык суммасынын 49% ын (36,1 млн. сом) түздү, эпилепсия менен ооругандарга 6,2 млн.сом (17%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 4,6 млн. сом (13%), онкологиялык оорулууларга 4,2 млн. сом (12%), психикалык бузулуулардын 2 түрү менен ооругандарга 3,4 млн. сом (9%).

МКП рецепттери боюнча **компенсациянын орточо деңгээли** (Бисопрололду эсепке албаганда) 89% ды, камсыздандырылган категориядагы сатылган рецепттер боюнча 64% ды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын 1-июлуна карата жеңилдетилген программалар боюнча фармацевтикалык кызмат көрсөтүүгө **171 келишим түзүлгөн,** мында дарыкана мекемелеринин чекене сатуу тармагы 1071 бирдикти, анын ичинде 257 дарыкана, 814 дарыкана пункттары. Квартал ичинде ҮДТ жайгашкан жана жеңилдетилген рецепттер менен иштеген дарыканалар жок калктуу конуштардын көрсөткүчү 175 түздү.